Каралды
Директор алдындагы кенеш алдында
Протокол №2
"30" 09 2022-жыл

Бекитемин
Мектеп директору: ________
Сарытаева Д.Т.
"30" 09 2022-жыл

# Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директор алдындагы кеңешме жөнүндөгү Жобосу

1. ***Жалпы Жобо***
   1.1 КР "Билим берүү" мыйзамынын №5 бөлүгү 38 беренесине ылайык Директор алдындагы кеңешме уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө.
   1.2 Бул Жобо жергиликтүү мектептин ишине ылайыкташтырылып директор алдындагы кеңешменин ишин жөнго салуу.
2. **Директор алдындагы кеңешменин максаттары жана мазмууну**.
   2.1 Билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө.
   2.2 Педагогикалык кызматкерлердин иштеринин натыйжалуулугун анализдөө жана баа берүү.
   2.3 Окуу процесстерин уюштуруудагы терс жана оң жактарын ьаап чыгуу менен бирге жакшы иштерди жайылтууга, терс иштерди жоюуга карата иш-чараларды уюштуруу.
   2.4 Буйруктардын, тескемелердин аткарылышын көзөмөлдөө
   2.5 Эмгекти коргоонун, техника коопсуздугунун сакталышын көзөмөлдөө
3. **Директор алдындагы кеңешменин курамы жана уюштурулушу**
   3.1 Директор алдындагы кеңешменин курамына администрация мүчөлөрү, китепкана башчысы, чарба башчысы кирет
   3.2. Директор алдындагы кеңешмеге чакырылат:
   - Мугалимдер
   - Жергиликтүү ФАПтын медицина кызматкерлери
   - Демөөрчүлөр
   - Айкалыштырып иштегендер
   - Тех. Персоналдар
   - Ата-энелер

   3.3 Тиешелүү суроолор боюнча башка кесиптеги кызматкерлер дагы чакырылышы мүмкүн.
   3.4 Кеңешме 1 айда 1 жолу мектептин иш планынын негизинде жүргүзүлөт.
   3.5 Шартка ылайык кезексиз чакырылышы мүмкүн.
   3.6 Кеңешме узактыгы 1,5 сааттан ашпоо керек
   3.7 Кеңешменин төрайымы Директор, секретарь ар бир чогулушта шайланат.
   3.8 Көзөмөлдөө боюнча суроолор директор, ОББ орган, соцпедагог, чарба башчы тарабынан дайындалат, отчёттор коллекти тарабынан берилет.
   3.9 Жыйынтыктын негизинде директор тарабынан чечим кабыл алынат, буйрук чыгарылат.

4. **Кеңешменин иш-кагаздары**
   4.1 Кеңешменин токтомдору жазылат
   4.2 Катчы материалдарды, директордун орун басарларынын маалымдамаларын отчётторду ирээттейт.
   4.3 Бардык иш кагаздар папкага салынат
   4.4 Токтомдор директор катчы тарабынан кол коюлат.
   4.5 Иш кагаздар 5 жыл сакталат

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ**
**ТОКТОГУЛ атындагы**
**№ 6 орто мектеби**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**сш №6 им.ТОКТОГУЛА**

**№ 6 буйруктан көчүрмө**

30.09.2022-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин “ Директор алдындагы кеңештин жобосу” жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директор алдындагы кеңешинини 2022 -жылдын 30- сентябрындагы №2 протоколунун 5- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Мектептин “ Мектеп директор алдындагы кеңештин жобосу” кабыл алынсын.
2. Мектепте директор алдындагы жыйындар ушул жобонун негизинде жүргүзүлсүн.
3. Буйруктун аткарылыш көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Эгембердиева А. га жүктөлсүн.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.